УДК: 371
DOI 10.33514/1694-7851-2021-1-161-164

**Иманкулова С. Э.**
п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика кафедрасынын доцентинин м.а.
**Иманкулова С. Э.**
к.п.н., и.о. доцента кафедры педагогики КГУ им. И. Арабаева
**Imankulova S.E.**
Ph.D., acting. Associate Professor Pedagogy of KSU. I. Arabaev

# ИНКЛЮЗИВДИК БИЛИМ БЕРҮҮДӨ ГУМАНДУУЛУКТУН ОРДУ
# МЕСТО ГУМАННОСТИ В ИНКЛЮЗИВНОМ ОБРАЗОВАНИИ
# PLACE OF HUMANITY IN INCLUSIVE EDUCATION

**Аннотация:** Бул макалада инклюзивдик билим берүүдөгү гумандуулук маселеси каралган.

**Аннотация:** В статье рассматривается задачи гуманности в инклюзивном образовании.

**Annotation:** The article considers the tasks of humanity in inclusive education.

**Негизги сөздөр:** инклюзивдик билим берүү; гуманизм; гумандуулук; принцип; укук; ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген; окуучу; педагог.

**Ключевые слова:** инклюзивное образование; гуманизм; гуманность; принцип; право; ограниченными возможностями здоровья; ученик; педагог.

**Key words:** inclusive education; humanism; humanity; principle; right; disabilities; student teacher.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасындагы социалдык-экономикалык кырдаал өлкөнүн өнүктүрүү стратегиясынын негизги милдеттерине жана билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзам чыгаруу актыларына ылайык окуучулардын, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү окуучулардын бардык категорияларына билим берүүнүн жана ага жетүүнүн сапатын жогорулатуу зарылдыгын мажбурлоодо.

2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасында инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы атайын билим алуу муктаждыктары бар балдарга билим берүү маселелери боюнча өлкөдө ишке ашырылып жаткан стратегиялык документтерди эске алуу менен иштелип чыккан жана ар түрдүүлүк үчүн кыйла ачык, билим берүүнүн кыйла натыйжалуу жана тең укуктуу системасын түзүүгө багытталган, бул болсо анын жаңы жана заманбап милдеттерди чечүү жөндөмүн жогорулатат [5].

Инклюзивдик билим берүү бардык окуучулардын билиминин сапатын, жеткиликтүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатат. Инклюзивдик билим берүүдө кыйла ийкемдүү мамилелер, методдор жана программалар колдонулат, мында ар бир баланын кызыкчылыктары жана муктаждыктары эске алынып, бардык окуучуларга билим алууга жардам берүүчү жагымдуу билим берүү чөйрөсү түзүлөт. Бардык ушул өзгөрүүлөр баланы өзүнчө окутууну алганда да, ошондой эле бардык мектепти, коомчулукту жана коомду өнүктүрүү үчүн экономикалык, социалдык, маданий, саясий жактан пайдалуу.

Балдардын билим алууга болгон укугун камсыздоо, бул бардык балдарды парталарга отургузуп коюу гана эмес, мектептерде балдардын өнүгүшүнө ыңгайлуу шарттарды түзүүгө багытталган иштерди жүргүзүү болуп эсептелет. Конвенцияда бул суроолорду чечүү боюнча реалдуу ыкмалардын жалпы принциптери жазылган. Ушундай принциптердин бири басмырлоодон коргоо болуп саналат. Бардык балдар билим алууга укуктуу. Кайсы бир жерлерде билим алууга болгон мүмкүнчүлүк бардык балдарга чектелген болсо, анда бардык системаны жакшыртуунун үстүнөн иштеш керек, ал эми кээ бир учурда мектептен чыгарып салган, же курбулары менен бирге мектеп билимин алууга шарты болбогон балдарды колдоо аракеттерине күч жумшоо талап кылынат. 23 Берене. Конвенцияда мындай деп жазылган:

«Инвалид-балдар бардык балдардыкындай эле укугу бар» [2]. Ошондуктан, мүмкүнчүлүгү чектелген балдар да билим алууга укуктуу. Конвенцияда балага билим берүүдө ата-энесинен ажыратууга болбойт деп жазылган, ал эми үйүнөн алыс болгон айрым бир мекемелердеги билим берүүдө бул көрүнүштөр байкалат. Инклюзивдик билим берүүнүн Концепциясы бул ыкмага карама-каршы туруп жана бардык балдарды бирге окууну божомолдойт. [3. 129-б].

Инклюзивдик билим берүү – дене же акыл абалы кандай гана болбосун татыктуу жашоого, заманбап цивилизациянын бардык баалуулуктарына ээ болууга укуктуу, адамдын инсанынын баалуулуктарына, анын уникалдуулугуна гана негизделген, гуманизм идеясынын өнүгүшүнүн жыйынтыгы. Ошону менен бирге эле азыркы шартта мамлекет социалдык жактан корголбогон жана мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга сапаттуу билим берүүгө мүмкүнчүлүгү жок.

Азыркы учурга чейин мамлекеттик, илимий жана коомдук чөйрөдө инклюзивдик билим берүүнүн принциптери жана стратегиясы жөнүндө бирдиктүү жана так түшүнүктөр жок, социалдык инклюзия боюнча жооптуу педагогикалык кадрлар да даярдалган эмес. Инклюзивдик билим берүүнү киргизүүгө чоң тоскоолдук болуп коомчулуктун ар бир жаранын кандай болсо, ошондой бойдон кабыл алууга даяр эместиги, инклюзивдик билим берүүнүн идеологиясына түп тамырынан карама-каршы болуп жатат. Чыныгы инклюзия – окуу процессине бирдей укуктуу жана ага ачык катышуусу, ар кандай басмырлоонун болбошу, бардык адамдарга бирдей мамиле кылууга негизделген, ошол эле учурда атайын билим берүүчүлүк керектөөлөрү бар балдарга өзгөчө шарттарды түзүү саналат. Ушунда гана билим берүү туруктуу өнүгүүнүн максаттарына жана “Билим берүү баарына” принцибине жооп берет.

Инклюзивдик билим берүү процесси – бул процесс, коомдогу ар бир индивиддин коомдук потенциалын максималдуу түрдө жүзөгө ашыруу үчүн ошол коомчулук гумандуу билим берүү шарттарын түзүп берет. Инклюзивдик билим берүүнүн милдеттери сыртынан чечилиши мүмкүн эмес, бул милдеттер коомчулуктун ичинде гана чечилиши мүмкүн. Кимдир бирөө кырсыкка кабылса, бирөөлөрсүз жашай албагандыктан айлана-чөйрөдөн көз каранды болгондорго кадам жасоо – инклюзиянын маңызы болуп саналат. Бул индивиддин жана коомдун бири-бирине биргелешкен ыңгайлашуусу. Бул билим берүү процессинин жүрүшүндө индивид классташтарынын же курсташтарынын коомчулугуна ыңгайлашуусу гана эмес, коомчулук да индивидке ыңгайлашыш үчүн керектүү кадамдарды жасашайт.

Жалпылап айтканда, инклюзия – бул билим берүү мекемелеринде жана мектептерде ар бирине жогорку деңгээлде мүмкүн болгон билим берүүнүн өнүгүү процесси, бардык окуучулардын адекваттуу максаттарын коюу менен окуу процесстерин калыптоо, жогорку деңгээлде окуучунун потенциалын ачуу жана ар бирин колдоо менен ар кандай тоскоолдуктарды жок кылуу процесси [1].

Көбүнчө белгилүү болгон интегративдик (инклюзивдик) абал – коомдун «муктаж болгон» мүчөсүнө камкордукту бир киши алса, биздин учурда бул педагог, муктаж болгон субьектке жардамга баруу менен коомдун ошол кадамдарын ишке ашырат. Инклюзивдик билим берүү шартында педагогика жана психологияда, медицина илиминде жана физиологияда компетенттүү болсо, изденүүчүнүн берилген жана билүүгө умтулган акылы, жогорку маданияттуу, өзүнүн предметин сүйгөн жана чеберчилик менен анын өзгөчөлүктөрүн билген, жана ошондой эле акылы менен айрмаланган, ден-соолугунун абалы, мүнөзү, деги эле кандай болбосун балдарды сүйгөн мугалим чындыгында баалуу.

Бул сапаттардын биргелишкендиги мугалимге өзүнүн негизги миссиясын аткарууга жардам берет: үчүнчү миң жылдыктагы адамдын интеллектуалдык жана рухий дүйнөсүн калыптоо. Ошондуктан, мугалимге анын жашоо шартына ыңгайлашууда ар тараптуу жана дайыма жардам бере алыш үчүн интеллектуалдык, адептик, маданий жана ден-соолукту чыңдаган адамдарды калыптоодогу суроо-талаптарды канааттандырыш үчүн, илимдердин ар түрдүү тармактарынан кенен билим жана курчап турган чындык менен коомдук бай тажрыйба керек.

Ал эми инклюзивдик билим берүү шартында эң маанилүүсү бул да эмес. Маанилүүсү мугалимдин педагогикалык эмгегинин акыркы натыйжасы окуучулардын алган билиминин көлөмү, ар кандай маалыматтарды билиши эмес деген чындыкты кабыл алышы керек. Акыркы продукт – Адамдын өзү, анын инсандык сапаттары жана гуманисттик социалдык биргелешүүгө болгон жөндөмдүүлүк.

Ушуну менен катар, биздин оюбузча, инклюзивдик билим берүүнүн максаты адамдын приоритеттүү кызыкчылыгын ирети менен камсыздоо, бардык билим берүү системасын гумандаштыруу.

Гуманизм, белгилүү болгондой, көп аспектилүү, ошондуктан кенен философиялык, социологиялык, психологиялык, педагогикалык категория болуп саналат. Гуманизмдин адептик өзгөчөлүктөрүн белгилөөдө гумандуулук терминин колдонуу керек. Бул терминди адептик сапат катары бөлүү моралда инсандын (коомго, жаратылышка, адамдарга, өзүнө) болгон мамиледе ишке ашуучу гуманизмдин өзгөчө касиеттери бар жана калыптанат [4. 35-б.].

Гумандуулук принциби окутуу процессинде негизги принциптеринин бири болуп саналат. Гуманизм (латын сөзүнөн – адамгерчилик деген маанини түшүндүрөт) – адамдын теңдиги, акыйкаттуулугу, алардын ортосундагы бири-бирин сыйлоосу жөнүндөгү көз караштардын жыйындысы. Окутуу процессинин гумандуулук принциби ар бир окуучуга адамгерчиликтүү мамилени, аларды окутуунун объектиси менен катар эле өз алдынча, өз жөндөмү жана кызыкчылыгы бар субъект катары кароону шарттайт. Ар бир жаш муунду инсан катары кабыл алуу менен окутуу процессинде ага гумандуу мамилени талап кылат. Бул принципти ишке ашыруу үчүн төмөнкү багыттар эске алынууга тийиш:

– билим берүүнүн максатын гумандаштыруу – эркин, өнүккөн, адептүү, чыгармачыл, социалдык жактан жетик педагогдорду калыптандыруу;

– билим берүүнүн мазмунун гумандаштыруу – жалпы адамзатынын руханий маданиятын түзүүдө окумуштуулардын жана ойчулдардын гумандуу көз карашын чагылтуу, табигый илимдердин мазмунун гумандаштыруу;

– окутуунун методдорун гумандаштыруу – окутуу процессинин субъетиси катары каралган окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн уюштурууга гумандуу мамиле жасоо;

– окуучулардын окуу иштерин уюштурууга гумандуу мамиле – традициялык сабак менен катар мугалим менен окуучунун ар кандай өз ара аракеттерин камсыз кылуучу жаңы формаларды пайдалануу, окуучулардын билимин текшерүүгө, эсепке алууга жана баалоого акыйкат, адилет мамиле жасоо.

Окутууну гумандаштырууга педагог Шалва Александрович Амонашвилинин педагогикалык ишмердүүлүгүнүн принциптери мисал боло алат.

Биринчи принцип – бул баланы сүйүү. Мугалим адамда гумандуу жан дүйнөнү тарбиялоодо керек болгон адамдык, боорукердик жана сүйүүнү чачыратып турушу керек. Мугалим аны чын дили менен жакшы көрөрүн сезген бала бактылуу болот. Сүйүүнүн педагогикасы оройлукка, басымдуулукка, наркын кемсинтүүгө жана баланын жашоосуна көңүл бурбоого чыдабайт.

Экинчи принцип (ал биринчиден чыгат) – бул балага адамгерчиликтүү чөйрөнү түзүү. Бир дагы сүйлөшүү тармагы баланы кыжырлантпай, коркунуч туудурбай, өзүнө ишенбөөчүлүктү, кайгырууну жаратпай, кемсинтүүнү пайда кылбашы керек. Ким бардык сүйлөшүү тармагын бириктириши керек? Албетте, мугалим. Ал бул тармактарга ачыктыкты киргизүү менен баланын кызыкчылыгын курушу зарыл.

Үчүнчү принцип – балада өзүндүн балалыгында жашоо. Бул балдардын мугалимге ишенүүсүнүн, анын жан-дүйнөсүнүн ак көңүлдүүлүгүн баалоосунун, анын сүйүүсүн кабыл алуусунун ишенимдүү жолу. Ушул эле учурда бул баланын жашоосундагы таанып билүү жолу.

Заманбап Кыргызстанда инклюзивдик билим берүү системасын ишке ашыруу коомдун рухун көтөрүү татаал жана комплекстүү милдетин чечүүдө гана болот. Чындыгын айтканда, изилдөөчүлөрдүн оюу боюнча, бул көйгөй коомдо тарбиялоо системасына үй-

бүлөдөн бала бакчага чейин, мектептен коомдук байланышуу системасына чейин чынжырча менен көз караштын өзгөрүшү, массалык маалымат каражаттарынын иши, билим берүү программалары жана мыйзамдын өзгөрүшүнөн келип чыгып жатат.

Жалпы элдин аң сезимин гумандаштыруу проблемасын чечпей туруп, ден соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелгендердин, инклюзивдик билим берүүнүн көйгөйлөрүн чече албайбыз. Аны чечүү сөзсүз түрдө комплекстүү болууга тийиш. Өнүгүп келе жаткан мектеп программасындагы гуманизм эффективдүүлүгү болбойт, эгер бала күнүмдүк турмушта ташбоорлук, ырайымсыздык, кошунага кош көңүлдүк менен кездешип турса [1, 48-б.].

Жыйынтыктап айтканда, инклюзивдик билим берүү – бул коомдун көйгөйү. Инклюзивдик билим берүүнүн максаты – билим берүү баары үчүн жана аны гумандаштыруу. Ушуну менен катар интеграцияланган билим берүүнүн сапаты көптөгөн суроолорду, аракеттерди жана инициативаларды камтыган көйгөй катары каралат.

**Пайдаланылган адабияттардын тизмеси:**

1. Инклюзивное образование в высшей школе: Интегрированное учебно-метод. пособие. – Б.: 2010. – 172 с.
2. Конвенция о правах ребенка (ООН, Нью-Йорк 1991 г.)
3. Методические рекомендации по работе с детьми с ограниченными возможностями в условиях дошкольной образовательной организации составители: Орусбаева Т.А., Надирбекова А., Дунганова Дж.Э., Джапарова З.Б. и др. Б. 2014-2015г. 127с.
4. Нигматов, З.Г. Гуманистические основы педагогики: Учеб.пособие –М.: Высш. шк., 2004. – 400 с.
5. 2019-2023 жылдарга Кыргыз Республикасында инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы. – Б., 2019

УДК 811.111
DOI 10.33514/1694-7851-2021-1-164-167

**Исабекова Таттыбубу**
Эл аралык Кувейт университети, Бишкек, Кыргыз Республикасы
**Исабекова Таттыбубу**
Международный Кувейтский университет, Бишкек, Кыргызская Республика
**Isabekova Tattybubu**
Kuwait International University, Bishkek, Kyrgyz Republic

## ОРУС ЖАНА АРАБ ТИЛДЕРИНИН ОМОНИМИКАЛЫК ЛЕКСКМАЛАРЫН САЛЫШТЫРМА ТАЛДОО

## СРАВНИТЕЛЬНО-СОПОСТАВИТЕЛЬНЫЙ АНАЛИЗ ОМОНИМИЧНЫХ ЛЕКСЕМ РУССКОГО И АРАБСКОГО ЯЗЫКОВ

## COMPARATIVE COMPARATIVE ANALYSIS OF THE REDUCED LEXES OF THE RUSSIAN AND ARABIC LANGUAGES

**Аннотация:** Макалада орус жана араб тилдериндеги омонимдердин салыштырма талдоосу берилген.

**Аннотация**: В статье производится сравнительно-сопоставительный анализ некоторых омонимичных лексем русского и арабского языков и инклюзивное образование. Впервые арабизмы рассматриваются с точки зрения системных отношений, в которые они вступают с русской лексикой, формируя омонимичные пары с исконными словами.

**Annotation:** In the article is made comparative analysis of some homonymous lexemes of Russian and Arabic. First Arabisms considered from the point of view of the system of relations in which they come to the Russian vocabulary, forming a pair of homonymous with the traditional words.